# Дил чабыт

Жылдызбек Турсунбаев



**Жылдызбек Турсунбаев**

# ДИЛ ЧАБЫТ

*Ырлар*

**Бишкек-2013**

УДК 821.51
ББК 84 Ки 7-5
Т 88

***Адамдык баралга жеткизген атам менен апамдын урматына арнайм***

**Т 88** **Турсунбаев Жылдызбек**
**Дил чабыт**. Ырлар – Б.:Бийиктик, 2013. – 136 бет.

ISBN 978-9967-13-941-1

Жаш акындын бул ыр жыйнагында адамдык аруу дилинен булактай оргуп чыккан ой-чабыттары камтылган. Арасынан жашоонун түрдүү сүртүмдөрүн баяндаган турмуштук саптарды, атуулдук ариетти козгогон журтсүйөр ырларды жана сезимдин сересинде термеп, жүрөктү кусанын сыясына боёгон көөнөрбөс сүйүү тематикасындагы ыргактарды кездештирүүгө болот.

Китеп жалпы эле поэзияга ышкысы арткан окурман журтчулугунун көңүл борборуна тартууланат.

Т 4702300200-13
ISBN 978-9967-13-941-1

УДК 821.51
ББК 84 Ки 7-5

**©Турсунбаев Ж., 2013**

## ТАБИГЫЙ ТАЛАНТТЫН ТАБЫЛГАЛАРЫ

Эл ичинде «Булактын көзүн ачкан сооп.»-деген кеп бар. Поэзия ышкыбоздорунун арасында таанылып калган, келечегинен көптү үмүттөндүргөн жаш акын Жылдызбек Турсунбаев дагы ошол оргуп чыккан булактай болгон табигый талант. Анын ырлары да адамдын жүрөгүн жылытып, мөлтүр суудай шыңгырап турат. Маселен, «Ата Журтум» деген ырынан мисал тартсак:

*«Бүтөлбөй эч жүрөктөгү жамаачың,*
*Бүгүн мына араң канат кагасың.*
*Тийгизбестен бир да ташың душманга,*
*Тирилсечи кайра баштан Манасың.*

*...Ырыскыдан, сый-урматтан кур калган,*
*Ыйламсырайм келбетиңе кыйналган.*
*Кайда Жусуп, Касым же бир Чыңгызың?*
*Кайра туулуп келсе кана Курманжан.»* – деп келип анан:

*«Каран күндүн баарын бойго батырган,*
*Кайраты мол жан экенсиң асылдан.*
*Кантип сага көрсөтөм деп жардамды,*
*Карбаластайм, көзүм туман, башым маң...»* –
деп абыгер чегет.

Учурунда орус акыны Н.А.Некрасовдун: «Акын болбосоң да, жаран болууга милдеттүүсүң!»-деген сабы орус декабристтеринин арасында кеңири тараган. Ошол үчүн ал учкул сөз дагы бир акын-декабрист К.Ф.Рылеевдин сөзү деп да айтылып жүрөт. Анын сыңарындай Жылдызбек Ата Журттун бактысына, элибиздин эртеңине кайдыгер карабаган улутман акын. Аны Жылдызбектин «Эне тилдин арманы» аттуу ырынан да баамдоого болот:

*«Жат элдин тили өздөй аркаланып,*
*Жатса да жиликтерим талкаланып,*
*Кыргыздар капарына алып койбой,*
*Кыюуда тамырымды балтага алып.»*

*...Тил болбой журт башкарган аалымдарга,*
*Тил болдум күндүк ушак-айыңдарга.*
*Айланып көкүрөгү көздүүлөрдү,*
*Алсырап жашап келем айылдарда.*

*...Бүгүн мен ылайланган короодомун,*
*Бүдөмүк келечекте оңолорум.*
*Бир күнү сүйлөнбөстөн өтүп кетсем,*
*Билишпейт кыргыз өзү жоголорун.»* - дейт анда акын.

Ал эми «Майып кыз» аттуу ырында болсо:

*«Жүрөгүндө дарты бардай айыккыс,*
*Жүзү соолгон, көздөрү да жарыксыз,*
*Жараланып табияттан кор болгон,*
*Жашап келет эл катары майып кыз.*

*...Тагдыр менен алпурушуп бирге-бир,*
*Табышмактуу сүрөт ал кыз күндө өмүр.*
*Кейип коёт жазмышына Кудайдын,*
*Керексиздей сыяктанып кимгедир.»* - деп боор толгоп келип анан ага:

*«Калп сүйлөбөй, ушак айтпай, нур – дилиң,*
*Көр дүйнөдөн сен тазасың билгиниң!*
*Андан көрө укпай, көрбөй өтө көр,*
*Адамдардын ушунчалык тардыгын,*
*Ай-ааламдын ушунчалык кирлигин...»* - деп акындык өз баасын ыроолойт да, акыр аягында

көр дүйнөнүн жүрөк жарган убай-муңун агынан жарылып айтат.

«Арактын анты» аттуу ырында болсо:

*«...Ырыскыдан кемтик кылып, бактыдан,*
*Ыйманыңды «жүз граммга» саттырам.*
*Башкаларга тебелетип башыңды,*
*Баткак жолго оонаттырып жаткырам.*

*Журттуң мени өчүң бардай жанатан,*
*Жумуруңда жалын болуп баратам.*
*Балдарыңды чыркыратып ыйлатып,*
*Барып азыр аялыңды сабатам.»* – деп арактын үй-бүлөгө, коомго тийгизип жаткан кесирин чагылдырып келет да, ырдын финалында:

*«Азабыңды, арманыңды эселеп,*
*Аз өмүрүң туткундаймын жекелеп.*
*Акырындап арбап улам олтуруп,*
*Ажалыңа акыр келем жетелеп.»* - деп арактын бир жаралган өмүрдө адамдын башына мөөнөтүнөн мурда келген ажал – кыямат экенин айтат.

«Кыштын кыштай болгону, кыздын кыздай болгону жакшы!» - демекчи кылымдар бою элди эл кылып сактап келаткан менталитетти, адеп-

абийирди ар кандай көр дүйнөдөн жогору койгон улуттук улук салт-санааларды сактоонун мааниси терең экенине Жылдызбек «Кыз адеби» деген ырында мындайча токтолот:

*«Кездемеге жетпей калган жардыдай,*
*Көйнөк кийип жонго жарым-жартылай,*
*Көчө бойлоп кылыктана басышат,*
*Коргой албай кыздык намыс, баркын ай.*

*Чыккан өңдүү жаңы гана кыркымдан,*
*Чачтары да желкеден чорт кыркылган.*
*Чычайтыша чылым тиштеп оозуна,*
*Чылк орусча сөз сүйлөшүп тыңсынган.»*

Ырдын соңунда болсо акын ошондой буруш салт, булганыч жашоо жүрөк ооруткан жалпы коомдук дарт экенин мындайча айтат:

*Төккөн сымал күздө дарак баригин,*
*Төгүп турса кыздар минтип абийирин,*
*Тилингенсип жүрөгүмдүн уч жагы,*
*Толуп барат толтосуна дагы ириң.»*

«Эгер жерден жарака кетсе, ал акындын жүрөгү аркылуу өтөт.» - деп Г.Гейне айтмакчы коом-

догу ар кандай жагымсыз көрүнүштөр акындын жүрөгүн өйүп, көңүлүнө так салат. Маселен, «Ажырашуу» деген ырын мисал тартсак, анда акын:

*«Бар эле го мамилеси ыр сымак,*
*Бүгүн сынды ошол бүлө быркырап,*
*Апасынын эч кетпешин суранып,*
*Алсыз балдар ыйлап турат чыркырап.*

*...А жолдошу алганына карабай,*
*Азып өңдөн, көзү шишип чарадай,*
*Аз келгенсип мүлкүн сатып ичкени,*
*Адат тапты күндө жарын сабамай.»* - деп аябагандай кейиштүү сүрөттү көзгө тартат да, андан ары:

*«Ажырашуу – кандай катаал көрүнүш,*
*Амал эмес баш кошуш же бөлүнүш.*
*Антсе дагы кыйрап нечен уялар,*
*Айланууда бул илдетке көнүмүш.»* – деп бул маселе бир эле үй-бүлөнүн кайгысы эмес, ыйман, абийирин кийимдей жыртып ыргытып ийип басып кеткен бүтүндөй коомдун трагедиясы экендигин көрсөтөт.

Акындын «Арзан сүйүү» деген ырында дагы ошондой жеңил жолго азгырылып желге айдалган көпөлөктөр тууралуу болот. Анда Жылдызбек:

*«Шарапаты күнөөлөргө жетелеп,*
*Шаар ичинде джиптер чуркайт нечелеп.*
*Байкаганга шаракташат ичинде,*
*Бай эркектер кыздар менен эселек.*

*Арзан сүйүү – андан кимдер пайда алат?*
*Айылдык кыз ханышага айланат.*
*Ал бактысы кеч киргенде төшөктө*
*Айбан эрдин ышкысына байланат.»* – деп жашоодогу өз максатынан адашып калган же В.Маяковскийдин сөзү менен айтканда: «Сүйүүнүн кайыгы турмуштун майда-чүйдөсүнө тийип талкаланды» – демекчи, аргасыз таш куурчакка айлангандардын көбөйүп бара тканына зээни кейийт да:

*«Бүгүн сүйүү жыртып алган аласын,*
*Бирде сатсаң, бирде сатып аласың,*
*Деңизине ыпластыктын чөктүрүп,*
*Деги заман кайда алып барасың?..»* – деп санаага батат.

Дегинкиси, коомдун күрөө тамырын кармай билген адам гана чыныгы акын боло алат эмеспи. Жылдызбек ошондой эл көйгөйүн, заман ырайын ырдай билген акын. Ошондуктан ага бул дүйнө өзү жүрөгүн ачып, ырдап турат. Мындан улам кээ бир ыр жазгычтардын китебинен мисал келтирерге ыр таппай куурасаң, Жылдызбектин ыйманы ысык ырлары биринен бири артык көрүнүп, «Кепти учурунда айтпасаң атасы өлөт демекчи» баарына тең эле мактоо жарашып турат.

Айтмакчы, ушул жерден бир лирикалык чегинүү жасап, акындыктын вазийфасы тууралуу бир нерсени айта кетүүнүн да удулу келип калгансыды. Америкада бир ирет «Кандай адам жазуучу боло алат?» – деген кеп учугу ташталат да, ага жооп кылып ар ким ар кандай жооп айтат. Бири: «Башынан көптү өткөргөн киши жазуучу боло алат» - десе, бирөө: «Көп окуган киши жазуучу болот.» - дейт. Бири: «Таланттуу киши жазуучу болот.» – десе дагы бири: «Бактысыз балалыкты башынан кечирген адам жазуучу боло алат.»- дейт. Ошентип олтуруп акыры кеп У.Фолкнерге келгенде ал: «Кандай адам жазуучу болмок эле. Албетте, адамзатка айтайын деген ою бар кищи жазуучу болот.»-деп талкууга чекит койгон экен.

Анын сыңарындай Жылдызбектин элге айтайын деген олуттуу ойлору бар. Далил катары акындын «Тобо кыл» – деген ырынан 1 эле куплет келтирейин:

*«Батинкем жок» деп кайгы тартпай туруп,*
*Бир ирет айланага караңыз да.*
*Башына түшкөнүнө моюн сунуп,*
*Буту жок жүргөндөр бар арабызда.*

Акындын «Ажал, Ажал», «Чемичкечи аксакал» сыяктуу ырлары **«Мен жашайм, мени менен сүйүү жашайт»** аттуу ыр топтому да окурманды кайдыгер калтырбайт.

Аталган ыр топтомунда доордун техникалык өсүштөрүн да ырга салгысы келген акын бирде:


*«Ак сүйүүң кирип мээмдин флешкасына,*
*Айландым махабаттын пешкасына.»* - десе, бирде:

*«Ажарың сагынуума себеп болуп,*
*Алдыма кайдан чыктың белек болуп?*
*Атыңдан турат жүрөк тазаланбай,*
*Акылга «анти-вирус» керек болуп»* – деп ырдап алмустактан бери ырдалып келаткан улуу сүйүүнү өзүнчө бир кайталангыс даңазалайт.

Эмесе, биздин артыбыздан Жылдызбектей жакшы акындарыбыздын өсүп келатканына биз дагы тобо кылалы да, акынга кылымдардын кыйырын чалган ак жол тилейли. Бар бол, Жылдызбек! Атыңа затың жарашып, жылдызың жана берсин!

**Атантай АКБАРОВ,**
*Алыкул сыйлыгынын лауреаты.*

## *Жүрөгүмдө жарака...*



## АТА ЖУРТУМ

Ата Журтум сезип турам муңуңду,
Абийир төгүп, түшүрдүк го тууңду.
Сенде жашап, сага кылып кыянат,
Соолуттукпу жүзүңдөгү нуруңду?

Бүтөлбөй эч жүрөктөгү жамаачың,
Бүгүн мына араң канат кагасың.
Тийгизбестен бир да ташың душманга,
Тирилсечи кайра баштан Манасың.

Илдет күчөп, ичтен тайып кубатың,
Исхагыңды билем эңсеп турасың.
Өзүмчүлдөр жашаган бул тар коомдо,
Өйдө карай кантип анан жыласың?

Эстүү ажо жолукпастан жолуңдан,
Элди бөлүп, эки-экиден жоо кылган.
Абдыкадыр, Баялынын бири жок,
Азыркылар тилди кайыш жонуңдан.

Ырыскыдан, сый-урматтан кур калган,
Ыйламсырайм келбетиңе кыйналган.
Кайда Жусуп, Касым же бир Чыңгызың?
Кайра туулуп келсе кана Курманжан...

Жан багууга суу, тузуңду татып ай,
Жүрөбүз го бирок ага татыбай.
Туям алсыз акыбалын өлкөмдүн,
Тытылган бир эски, жаман даакыдай.


Каран күндүн баарын бойго батырган,
Кайраты мол жан экенсиң асылдан.
Кантип сага көрсөтсөм деп жардамды,
Карбаластайм, көзүм туман, башым маң...

Турпатыңа кул болууну каалабай,
Таарынттыкпы касиетиң баалабай?
Көр тирлик деп өтүүдөбүз, сен үчүн
кылдай кызмат аткарууга жарабай.

Эл атынан тилеп сабыр бекемин,
Эртеңкиден көптү үмүт этемин.
Ким кейитсе мен сурайын чөгөлөп:
Кечир бизди туулган Ата Мекеним!

Келчи Ата Журт кучагыма кысайын!
Кере-кере таза абаңдан жутайын.
Тагдыр балким сынап жатат эркиңди,
Тартпай турчу көңүл чөгүп ыза-муң...

Ата Журтум сезип турам муңуңду,
Аччы мага көөдөн толгон сырыңды!
Сенде жашап, сага кылбай бир пайда,
Сүрөм өмүр айтсам эгер чынымды.



## ЭНЕ ТИЛДИН АРМАНЫ

Алдыма ар тараптан коюп тосот,
Армандуу абалыма азап кошот.
Килеңдеп аброй күткөн башка тилдер,
Кичине баш көтөрсөм токмоктошот.

Жат элдин тили өздөй аркаланып,
Жатса да жиликтерим талкаланып.
Кыргыздар капарына алып койбой,
Кыюуда тамырымды балтага алып.

Тарыхтан, кылым кезген жолдон узап,
Тартылды улуулукка болгон ызат.
Энеден кошо туулуп турсам дагы,
Эсирип башка тилди колдонушат.

Жыйылып кыргыз деген ордого муң,
Жыгылдым, туралбаймын, ортодомун.
«Мама» деп тили чыгып наристенин,
Мен неге өз элимде кордоломун?

Өзөгүм курт жегендей мүлдө соолуп,
Өмүрүм дудуктукка үндөш болуп.
Олойто эки көзүм оюп алган,
Орус тил омуроолойт күндөш болуп.

Чечилбес бул маселе күндө күчөп,
Чет тилдер чегирткедей ирденишет.
Арданбас, намыстанбас эссиз жаштар,
Атанын тилин билбей күрмөлүшөт.


Бир кезде мен аркылуу кыргыз гүлдөп,
Баалангам эл оозунда эне тил деп.
Баркымды жаңы муунга тебелетип,
Батыштан каптап улам келет илдет.

Далайлар сүйлөшпөсө четке кагып,
Дартымды кимге айтмакмын эске салып.
Мааниси бийик тилден болмок белем?
Манасты мазакташса «рэпке» салып.

Бүгүн мен ылайланган короодомун,
Бүдөмүк келечекте оңолорум.
Бир күнү сүйлөнбөстөн өчүп кетсем,
Билишпейт кыргыз өзү жоголорун.

Тил болбой журт башкарган аалымдарга,
Тил болдум күндүк ушак-айыңдарга.
Айланып көкүрөгү көздүүлөрдү,
Алсырап жашап келем айылдарда.

Чынында мени менен улут улук,
Чыркырайм калбас үчүн курутулуп.
Бабалар мурас кылган тил элем го,
Баратам акырындан унутулуп...



## КАЙЫР ЗАМАН

Келбетин карап туруп кайырчынын,
Коркомун келгенби деп кайыр кылым.
Кейиткен санааларга жооп таппайм,
Ким билет изи кайда байыркынын?

Көп көрүп көчөдөгү таштандыны,
Курсак ач, көздөн учуп аш калдыгы.
Кагылып көрүнгөндөн түрткү жеген,
Кунарсыз жакыр заман башталдыбы?


Ашалбай азап толгон белестерден,
Аксакал - билем келген элет жерден.
Ар күнү эртең менен көрүп калам,
Ал кургур оокат издейт челектерден.

«Жардам кыл, жардам кыл!», – деп нан
жегенге,
Жанында баласы бар жалгыз эне.
Жашоодон жадагансып ыйламсырайт,
Жыгылып, кайра туруп алсыз неме.

Көзүндө бер дегенсип бересеңи,
Карабай чопко болгон кебетени.
Күдөрсүз бир жаш бала кайыр сурайт,
Каякта бул шордуунун келечеги?

Баарынан ойлой келсем майыптарды,
Бейкүнөө байкуштарда айып барбы?
Бозоруп таңдан кечке тыйын тилейт,
Буга ким, турмуш өзү айыптарбы?

Сыз жерге кагаз төшөп кабат-кабат,
Саркынды тамак жеген майда барат.
Сандалган тилемчинин саны арбып,
Сыр бербей жылып заман кайда барат?



## КӨЙГӨЙ

Эш тутунбай сапаттарга инсандык,
Эсирдик биз, ач көздүктөн үн салдык.
Барган сайын уят-сыйдан арылып,
Бөксөргөнсүйт көөдөндөгү дил сандык.


Сыздасак да чындык издеп акыйлап,
Сыйыртмакка түшпөйт азыр акыйкат.
«Акыл эмес, акчаң болсо бүт болот»,
Азыркыдан бизге калган насыйкат.

Атка минер байлар күндө той куруп,
Арамзалар алдап жасап жойпулук.
Адам сабап зөөкүр балдар көчөдө,
Адат болду жаш кыздарга сойкулук.

«Мыкты» - дешип макоо чалыш дөдөйдү,
Миңдеп, жүздөп алып берип мөрөйдү.
Казынасын тыйпыл кылып өлкөнүн,
Калк ичинде жеп-ичкендер көбөйдү.

Көрө албастык жашап ар бир кадамда,
Көз көрүнөө бут тосушуп адамга.
Көңүл эзген жүрөктөгү көйгөйлөр,
Көкүрөккө казык болду кадалма.

Күчсүздөрү күчтүүсүнө жем болгон,
Кабылдык биз кантип ушул заманга?



## ЖАРАЛУУ СЕЗИМДЕР

Күндөр өтүп күнүгө таң атууда,
Куулуу турмуш жаңылык жаратууда.
Жыргалынан куурады жан кейитип,
Жылып заман соңуна жанашууда.

Көңүл толкуп көп нерсе саматууда,
Көйгөйү элдин дартымды канатууда.
Көз көрүнөө сатылып намыс-арың,
Көкүрөктөн сызылып кан агууда.

Жашоо деген бардыгын жадаткандай,
Жүрөктөрдү жүйөөсүз караткандай.
Жалынына суу бүркүп, от алдырбай,
Жакырдыктын уругун тараткандай.

Арамзалык тамырын түптөп турат,
Адамдарга салмагын жүктөп турат.
Аткарылбай пенделик ой-максаттар,
Арман дүйнө белдерди бүктөп турат.

Заман баарын куйкалап күйгүзүүдө,
Залакасын жалпыга тийгизүүдө.
Зарлаганга ырайым кылып койбой,
Залимдигин ырастап билгизүүдө.

Кайдыгерлик арааны күчөп улам,
Каңырыгы калкымдын түтөп улам.
Каарданган шум ажал кол булгалайт,
Кары жашка карабай күсөп улам.


Колунда бар көпөстөр жыргап жатат,
Кедейлерди көр оокат чырмап жатат.
Кишилигин акчага айырбаштап,
Кирпиктерин көз жашка нымдап жатат.

Ак ийилип, а бирок сынбай келет,
Алдуулардын оюну тынбай келет.
Акыйкаттык жоголуп арабызда,
Анткорчулук тизгинин жыйбай келет.

Итчиликтин илдети чыңалууда,
Ичкиликке көптөрү чылануууда.
Ийгиликке жетем деп талпынгандар,
Из кубалап негедир кыйналууда.

Жакшылыкты жамандык жалмап турат,
Жарым карыш жылдырбай кармап турат.
Түбүң түшкүр тагдыр да тайкы болуп,
Түркөйлүккө акылды арбап турат.

Ойлор агып ойлорго жамалууда,
Ордун таппай туюкка камалууда.
Караан кылып карманган үмүтүм да,
Карышкырга коёндой таланууда.
Жазбай койсом жаралуу сезимдерди,
Жаным отко алоолоп калануууда.



## КАЙРАН КЫРГЫЗ

Күчү жок залимдигин жашырууга,
Кайдадыр заман жылып ашыгууда.
Алыскы эч ким билбес базарларда,
Адамдар айбан катар сатылууда.

Тең болбой Теңир берген атыбызга,
Татыбай «кыргыз» деген затыбызга.
Тууган деп бардыгына эшик ачып,
Таландык жакынга да, жатыбызга.

Тозоктун жүгүн артып жондоруна,
Тирүүлөй түртүп өлүм жолдоруна.
Куу турмуш аз кыргызды каңгытты го,
Кул кылып, кишен салып колдоруна.

Мекенин самап коюп сезиминде,
Майышып кыйынчылык бешигинде.
Канчасы куураганча жер тырмалап,
Казактын иштеп жүрөт эшигинде.

Жеңген эл кандуу согуш, казаттарды,
Жеңген эл Үркүн сындуу азаптарды.
Каттайм деп Россияга «челнок» болуп,
Кантейин вагондордо жашап калды.

Базарга чыгып кетип алган жары,
Багылды атасына балдар дагы.
Жоголуп ошол бойдон кайтып келбей,
Жол карап, артып турат армандары.

Жадына кыргызымдын из калтырар,
Жанымды жаралаган бир дартым бар.
Жашоо деп тентип жүргөн аргасыздан,
Жат жерде миллиондой «мигрантың» бар.

Табалбай тар замандан кечүүбүздү,
Таанабай турабыз го өзүбүздү.
Таан сымал жумуш издеп тарап кеткен,
Талаадан көрүп турам көчүбүздү.

Күчү жок залимдигин жашырууга,
Кайдадыр заман жылып ашыгууда.
Кылымды жеңгө салган базарларда,
Кыргыздар мал катары сатылууда.

## АДАШКАН ЭЛ БОЛБОЙЛУ


Арт жакта тарых жатса эбегейсиз,
Аны эмне анткорлонуп кенебейбиз?
Санжыра, санат ырга түшүнбөстөн,
Сактабай улут наркын тебелейбиз.

Эне тил ыйлап турса телегейсиз,
Эмнеге аны колдоп жөлөбөйбүз?
Кылымдар жашап келген тилди жерип,
Кыргызча сүйлөндү жемелейбиз.

Үрп-адат, каада-салтты баалабайбыз,
Үйүңө конок келсе каалабайбыз.
Бардыгын курут кылып, түркөй болуп,
Батышты барган сайын пааналайбыз.

Ата Журт болсо дагы кымбатыбыз,
Арналбай ага такыр кызматыбыз.
Ар бир жан мекен камын ойлобостон,
Азайып баратпайбы урматыбыз.

Армандар ичке толсо эбегейсиз,
Айткандан пайда чыкпайт! Эмне дейбиз?
Адашып тексиз калган эл болбойлу,
Ансыз да көп эмеспиз, кенедейбиз...



## МЕН КЫРГЫЗМЫН

Мейли бизди кыйнасын өткөөл турмуш,
Мейли элим, ар азаптан төмөн жылмыш.
Өтмүшү бар карт тарыхка так калтырган,
Өлбөйт, өчпөйт антсе да улуу Кыргыз!

Кыйын күнгө туш болсок да жан сыздаткан,
Кас-душманга жем болбостон аңдып жаткан.
Кыргыз эли - көчүп, конуп, кылым санап,
Кыйырын сактап келаткан эл алмустактан.

Кытайларга алдырбаган – Манас бабам,
Кыргыз үчүн жанын кыйган – Барсбек каган.
Өлкөсүнө кылган эрдик иши менен,
Өрнөк болот ойгонууга саган, маган!

Дилибизде зил кустуруп кыргыздарды,
Дебейличи замандаштар, улут жарды!
Ийигинен сылтып турган мамлекетти,
Ирдентүүгө ичиңерде угут барбы?

Кыргызмын мен! Ата салтка машыкканмын.
«Калкым өс!»,- деп өр таянган басыктамын.
«Кыргыз» деген атты бийик көтөрүүгө,
Кызмат өтөйм калганчакты кашык каным!

Жаным берем калсын мейли кашык каным....



## ЧЕМИЧКЕЧИ АКСАКАЛ

Чемичкечи аксакал чемичкечи,
Чымын жашоо азабы шериктеши.
Чидерленген ордуңдан чарчагансып,
Чылап ойго, зээнимди кейитпечи?!

Сыздак жерге олтуруп сыздак жерге,
Сыздатасың сөөгүңдү муздак желге.
Жүгөндөлбөй жолуна көр оокаттын,
Жүрсөң эмне кадырлуу кыштак жерде...?

Кыстаганын турмуштун кыстаганын,
Көрүп туруп кыйналып кысталамын.
Болор-болбос киреше эртели-кеч,
Байлык сага чаң баскан «ыстаканың».

Алармандар болсо деп алармандар,
Ар үмүткөр оюңда аламан бар.
Арасында аз бирок адамдардын,
Аяп сени өткөнгө жарагандар.

Карап коюп кагаздын сүрөттөрүн,
Кабаттайсың чемичке күлөктөрүн.
Карыганда «ата»,- деп баркың билбей,
Кордогон го бакпастан түлөктөрүң.

Каңтарылып жүрөктүн кыртыштары,
Катаал турмуш нелерди кылгызбады.
Качан минтип карайлап калган эле,
«Калк башы» деп аталган кыргыз чалы?

Чемичкечи аксакал чемичкечи,
Чагың эле дооруңдун жемин жечү.
Чамам келбей не дешке чүнчүп турам,
Чөк түшүрүп дүйнөмдү кемитпечи?!



## КЕМ ДҮЙНӨ

Кор болуп чач таралбай уйпаланып,
Көөдөнү от жаккансып куйкаланып.
Көр тирлик көрөр көзүн таяк кылып,
Көчөдө сокур жүрөт сыйпаланып...

Көңүлүн көктө жанган күн жылытпай,
Кескенсип кулак-мурдун дабыш укпай.
Армандуу дүлөй деле басып жүрөт,
Ар күнү ичээр суусун эч унутпай.

Тилине Кудай Таала шак-шак коюп,
Түйшөлүп сөз айталбай жаңсап коюп.
Дармансыз дудук дагы жашап келет,
Дилинде көп сырларын сактап коюп.

Бир жашап, аралашып булар менен,
Билбестен бул күйүттү турар белем.
Сыйынып дүлөйгө үн, дудукка сөз,
Сокурга көз берсин деп сурар элем.

## МАЙЫП КЫЗ

Жүрөгүндө дарты бардай айыккыс,
Жүзү соолгон, көздөрү да жарыксыз.
Жараланып табияттан кор болгон,
Жашап келет эл катары майып кыз.

Укпай, көрбөй айланада белгини,
Убайымды бактысына бердиби?
Максаттардын маарасына жеткирбес,
Майыптыгы анын жалгыз кемдиги...

Аста басып жүрсө дагы бүжүрөп,
Асылдыгын тирүүлүктүн түшүнөт.
Үмүт менен баштап дайым ар күнүн,
Үмүт үзбөй муңайыңкы бүтүрөт.

Абалына карап ичиң ачышат,
«Аа байкуш!» деп көптөр тетир басышат.
Айрымдары азиздигин аңдабай,
Анткорлонуп достошуудан качышат.

Жан дүйнөсү жоогазындай үлбүрөп,
Жайнап кээде, сүйүү күтөт, сүрдүгөт.
Бир саамчалык болсо дагы сезимин,
Бирок аттиң, кайсыл жигит билдирет?

Тагдыр менен алпурушуп бирге-бир,
Табышмактуу сүрөт ал кыз күндө өмүр.
Кейип коёт жазмышына Кудайдын,
Керексиздей сыяктанып кимгедир...

Калп сүйлөбөй, ушак айтпай, нур – дилиң,
Көр дүйнөдөн сен тазасың билгиниң!
Андан көрө укпай, көрбөй өтө көр,
Адамдардын ушунчалык тардыгын,
Ай-ааламдын ушунчалык кирлигин...



## СЕЛСАЯК

Жашоодон ордун таппай чүнчүп кеткен,
Жонунда жамынганы тытык чепкен.
Жол бойлоп калч-калч үшүп «бомж» жатты,
Жүзү укмуш күпчөк сымал шишип кеткен.

Билбестен баткан күнүн, аткан таңын,
Билбестен кай тарапка барар жагын.
Күнөөлөп бардыгына куу турмушту,
Кемирет колундагы каткан нанын.

Муздак жер болуп анын төшөнгөнү,
Муунтуп улам ыкшып жөтөлгөнү.
Жанындай ичкиликти жакшы көрүп,
Жазданып жатат жарым бөтөлкөнү.

Селсаяк – ылаң тийген баспас аттай,
Сыноодон өтүп өмүр даамын татпай.
Жеңилип азаптарга каңгып калган,
Же өлүп, же болбосо жерге батпай.

Түбүнө шум арактын түшүп кеткен,
Таалайын таш боор тагдыр үзүп кеткен.
Кыймылсыз «бомж» турбай өлүп жатты,
Капыстан чыккан унаа сүзүп кеткен.



## КӨЧӨДӨ БАЛДАР ЖҮРӨТ


Жатарга түнөгү жок жайдакталган,
Жер кезип аргасыздан айдакталган.
Кароосуз кайыр сурап жан багышып,
Көчөдө балдар жүрөт жайдак калган.

Жаныңдан айланчыктап кетпей турган,
Жалдырап «жардам кыл» деп колун сунган.
Жашоодон жабыр тарткан жетимдерге,
Жан жоктой тыйын берип көңүл бурган.

Жарылып бети-башы токмоктолгон,
Жалтактап, жеме угуп мокок болгон.
Көрүнгөн жерде ар күн жатып калып,
Кийими майланышып кокоч болгон.

Эсирип иш баштабай капсаландуу,
Эй адам! Токтот бала таштаганды!
Бакпастан ара жолдо кордобогун,
Балапан, балтыр бешик жаш баланды.

Кыларга түнөгү жок дайындуурак,
Көчөдө балдар жүрөт кайыр сурап.
Карайлап, каңгып калган бул балдарды,
Кимдер бар багып алар жайын сурап?



## АРАКТЫН АНТЫ

Азгырамын, сулуу кыздай туюлам,
Ачыламын, алкымыңа куюлам.
Аңдабасаң абийириңди кетирип,
Арылтамын уят менен сыйыңан.

Илдет болуп айыкпаган ичиңен,
Ичкен сайын дегдеттирип ичирем.
Чылап ууга, анан жинди көрсөтүп,
Чыгарамын бир каргаша ичинен.

Ырыскыдан кемтик кылып, бактыдан,
Ыйманыңды «жүз граммга» саттырам.
Башкаларга тебелетип башыңды,
Баткак жолго оонаттырып жаткырам.

Азабыңды, арманыңды эселеп,
Аз өмүрүң туткундаймын жекелеп.
Акырындан арбап улам олтуруп,
Ажалыңа акыр келем жетелеп.

Жуттуң мени өчүң бардай жанатан,
Жумуруңда жалын болуп баратам.
Балдарыңды чыркыратып ыйлатып,
Барып азыр аялыңды сабатам.

Сенде жашайт менин ачкыл элесим,
Сен анткени эрксиз, чабал немесиң!
Эстен чыгып эшектигиң бүгүнкү,
Эртең кайра издеп мени келесиң....



## КЫЗ АДЕБИ КЫМБАТ

Баштан ашып шайкелеңдик, кылжыңы,
Баптап кийген жамбашына джинсыны.
Батыш жыттуу бузук кыздар көбөйдү,
Билген жанга ыйманы жок бир чыны.

Кездемеге жетпей калган жардыдай,
Көйнөк кийип жонго жарым-жартылай.
Көчө бойлоп кылыктана басышат,
Коргой албай кыздык намыс, баркын ай.

Чыккан өңдүү жаңы гана кыркымдан,
Чачтары да желкеден чорт кыркылган.
Чычайтыша чылым тиштеп оозуна,
Чылк орусча сөз сүйлөшүп тыңсынган.

Өйдө коюп өз аброюн өзгөдөн,
Өзүлөрүн Кудайдан кем сезбеген.
Өнөр көрүп көрүнгөндү жандоону,
Өбүшүүнү жол боюнда көздөгөн.

Төккөн сымал күздө дарак баригин,
Төгүп турса кыздар минтип абийирин.
Тилингендей жүрөгүмдүн уч жагы,
Толуп барат толтосуна дагы ириң.

Кызды теңеп асмандагы жылдызга,
Кыз абийири кымбат дешкен кыргызда.
Канткен менен баалуулугун бул сөздүн,
Кастарлабай бараткансыйт бир кыз да....



## АЖЫРАШУУ

Бар эле го мамилеси ыр сымак,
Бүгүн сынды ошол бүлө быркырап.
Апасынын эч кетпешин суранып,
Алсыз балдар ыйлап турат чыркырап.

Эрегишкен уруш-жаңжал кечээги,
Экөө минтип жубайлыктан кечеби?
Кейиш менен бүтмөй болду акыры,
Келечектүү окуянын этеги...

Калды максат – чогуу койгон башынан,
Кайда бата – жаңырган эл атынан?
Таңдан кечке «соо келсе экен»,- деп тилеп,
Тажады аял күйөөсүнүн масынан.

А жолдошу алганына карабай,
Азып өңдөн, көзү шишип чарадай.
Аз келгенсип мүлкүн сатып ичкени,
Адат тапты күндө жарын сабамай.

Тагдыр сенин бооруң кандай таш эле?
Татаалдыкка чыдабады жаш эне.
Кесиптеши жылуу сүйлөп жөлөгөн,
Кайрып алды сүйүүсүнө бат эле.

Балким ал да убагында кезикти,
Бар жараны айыктырып бекитти.
Таштап үйүн, чүрпөлөрүн ал келин,
Турмушуна өзү койду чекитти.

Жыйылса да санаа жүрөк толтого,
Жумду көзүн ушак сөзгө, кордоого.
Кылгандарын эне-атанын түшүнбөй,
Кыйын болду балдарга эле ортодо.

Ажырашуу – кандай катаал көрүнүш,
Амал эмес – баш кошуш же бөлүнүш.
Антсе дагы кыйрап нечен уялар,
Айланууда бир илдетке көнүмүш...



## АРЗАН СҮЙҮҮ

Шарапаты күнөөлөргө жетелеп,
Шаар ичинде джиптер чуркайт нечелеп.
Байкаганга шаракташат ичинде,
Бай эркектер кыздар менен эселек.


Арзан сүйүү – андан кимдер пайда алат?
Айылдык кыз ханышага айланат.
Ал бактысы кеч киргенде төшөктө,
Айбан эрдин ышкысына байланат.

Кайран кыздын кетип анан тартиби,
Комплимент сөз, кальян, сауна, мартини.
Куурчак сымал колдонулуп бирөөгө,
Кумар иши кайталанат ар түнү.

Акча, мансап, арам ойго кызыгып,
Асыл бийкеч аягынан бузулуп.
Апта өтпөй калтырылат унутта,
Арман менен жан дүйнөсү сызылып.

Жигитти кыз каарманым деп түшүнөт,
Жигит болсо эңсегенин бүтүрөт.
Назик жүрөк «биринчим» деп алданса,
Наадан жасайт бул жумушту жүз ирет.

Бүгүн сүйүү жыртып алган аласын,
Бирде сатсаң, бирде сатып аласың.
Деңизине ыпластыктын чөктүрүп,
Деги заман кайда алып барасың?



## АДАШКАН СЕЗИМ

Сүрөтчү бир сулууну сүйүп жүрдү,
Сезимдин аптабына күйүп жүрдү.
Туйгандай кыз да анын махабатын,
Тымызын карап аста күлүп жүрдү.

Таалайым ушулбу деп аңдап жүрдү,
Талыкпай кызыл гүлүн камдап жүрдү.
Жалтанып жактырарын айтпай бирок,
Жигити сымал көпкө жандап жүрдү.

Кыялдан булут минип калкып жүрдү,
Каухардай сынына көз артып жүрдү.
Колуна алып фото аппаратын,
Кездешкен кезде аны тартып жүрдү.

Жүрөгү элеп-желеп кагып жүрдү,
Жылмайса уячасы жагып жүрдү.
Алкактап тарткан бир топ эмгектерин,
Аздектеп бөлмөсүнө тагып жүрдү.

Аялуу эркелетип «жакшым» деди,
«Ашыгым - өмүрдөгү бактым» деди.
Үмүтүн жылдыздардай жаркыратып,
«Үйлөнчү адамымды таптым»,- деди.

Кыз күндүз күндөй таза жаркып жүрдү,
Кылыгын аруу жанга артып жүрдү.
«Көпөлөк» болуп иштеп түн киргенде,
Койнунда көрүнгөндүн балкып жүрдү...

Баалабас адамзаттын асылдыгын,
Бузулду бүт жагынан азыр кылым.
Көздөрү нурдай жайнап турган менен,
Кыздарын тааныш кыйын азыркынын...

Сүрөтүн кыздын жигит тартып жүрдү...



## ТОБО КЫЛ

«Батинкем жок» деп кайгы тартпай туруп,
Бир ирет айланага караңыз да.
Башына түшкөнүнө моюн сунуп,
Буту жок жүргөндөр бар арабызда.

«Манжама маржан шакек такпадым»,- деп,
Муңканат эрке кыял, обу жоктор.
«Жашоодон кымбат нерсе таппадым»,- деп,
Жан үрөп иштеп келет колу жоктор.

Ыйынып тирүүлүктөн азап тартып,
Ыйлашат кээ бирөөлөр дарексиз бир.
Көптөрү унутпаса ыйлап жатып,
Кыйналган адамдарды карексиз бир.

Кымбат баа телефон деп элирбестен,
Канаат кыл кулагыңдын укканына.
Канчалар дүлөйлүккө берилбестен,
Камыкпай чыдашууда бүт баарына.

Суроого жооп бербей ыңгыраныпп,
Себепсиз бой көтөрбө, улуксунуп.
Кудурет, күчү менен сыртын салып,
Көрмөкмүн койсо Кудай дудук кылып.

Семирип кеткениңе намыстанып,
Сын такпа сымбатыңа айып коюп.
Айрымдар тамак-аштан алыс калып,
Ачкадан өлүп атат арык болуп.

Толгонуп болбос ишке кейий бербей,
Тобо кыл тирүүлүккө келгениңе.
Тагдыр да сүйө бербейт жеңилгенди эй,
Тобо кыл учурдагы деңгээлиңе.



## ТОЛГОНУУ

Утасың, утуласың турмуш шондой,
Убайга баткан кезде капа болмой.
Умтулган максатыңа жетмек кайда?
Удургуп жолдон чыкчу тоскоол болбой.

Жеңесиң, жеңилесиң айлаң канча?
Жылт этип өмүр өтөт айланганча.
Жыргалдын келеринен үмүт үзбөй,
Жашайсың жарым кашык кан калганча.

Кайгырып кубанасың кээ бир кезде,
Коогалуу жаман күндөр түшөт эске.
Колдошор жакындарың жанда турса,
Кыйналып муктаж болсоң кеп-кеңешке.

Нугунда тирүүлүктүн калчанасың,
Негедир дүйнө кызык таң каласың.
Арыбай бардыгына чыдаш үчүн,
Ар-намыс дайым бизди калкаласын.

Жашоонун агымында эленесиң,
Жаманга, жакшыга да теңелесиң.
Жалпыга тегиз карап, көлдөй болуп,
Жараткан бактыбызды ченебесин.

Жоктукка моюн сунуп мөгдөсөк да,
Жан дүйнө жарды болбой келе берсин...



## ТҮЙШӨЛҮҮ

Чыкпай калсам максат койгон секиге,
Чексиз ойдун үй курамын бетине,
Алпурушуп сезим менен кыйраган,
Адатым бар өзүмдү-өзүм зекиме.

Көкүрөктү ойлор тырмап жүз түмөн,
Коргошундай басып турат үстүмөн.
Кээде ишенбей кычкыл тарткан жүзүмө,
Карап алып чоочуркаймын күзгүдөн.

Буюккандан уктай албай түндө мен,
Баш катамын санааларга миңдеген.
Азгырылып сыйкырына жашоонун,
Атып, батам жер айланган күн менен.

Кыялдарым жан дүйнөмө дем берип,
Көр оокатка үмүт менен теӊ келип.
Жүгөндөлүп жолдоруна турмуштун,
Жүргөнсүймүн кызмат өтөп пенделик.

## КИММИН ӨЗҮ?

Калган өңдүү эски тамда бузулган,
Карбаластап, чүнчүп турат ушул жан.
Толкундардай сапырылган санаалар,
Терезмдин кетпей койду тушунан.

Киммин өзү?Турмушка не жаралгам?
Киргил ойлор кылат мени араң жан.
Наразымын купул толбой өзүмө,
Наадан өмүр калбай учат шамалдан.

Качан болсо куру үмүттү камчылап,
Кайран адам жашайт куурап канча убак?
Өлөрүм чын, ажал жетип күн бүтсө,
Өзөк неге анда муңга жанчылат?

Жан дүйнөмдү жалгыз талдай бутаган,
Жанымды эзип, жан алгычтай жутаган.
Азабынан башка салган тагдырдын,
Алсырайбы мен сыяктуу бүт адам?

Кээде жашоо жалганына ишенбей,
Кыялымда айды, күндү кишендей.
Акыйкатты асылымдай пааналап,
Ак сезимде өмүр сүрөм түзөлбөй.

Өзөктөгү көйгөй болуп жаңырган,
Өтүп турган ар бир каккан тамырдан.
Жооп издеп «киммин?» деген суроого,
Жолум болбой кайышууда кабыргам...



## ЧАРЧАП ТУРАМ

Качалбайм жаратнандын жазганынан,
Калтырайм балакеттин басканынан.
Зарыгып, бирок тойбой жашап келем,
Замандын кармап алып чачтарынан.

Чаташып тагдыр жолго тизгенинен,
Чыга албайм алга адам тизмегинен.
Өткөрүп бошко сыздап калбас үчүн,
Өпсөм дейм убакыттын издеринен.

Арылбай кир ойлордун кармашынан,
Акыйкат издеп кээде дарга асылам.
Мээнетин пенделиктин тартып жүрөм,
Мезгилдин бекем мыкчып манжасынан.

Көнөм деп бүгүнкү күн талабына,
Көңүлүм көр дүйнөгө талануудa.
Сумсайып колум жетпей сунсам дагы,
Суктанам бак-таалайдын жамалына.

Адамзат тирүүлүккө келет, кетет,
Айрымдар аты чыкпай өлөт, кетет.
Канчалык чуркабайлы кыязы бүт
Кудайым бешенеге ченеп кетет!

Тагдырым талкан кылып жанчат улам,
Тартынбай кара жанды калчап турам.
Менчиктеп турмуш ар бир кадамымды,
Мен азыр, эмнегедир чарчап турам...



## АЖАЛ, АЖАЛ...

Ажал, ажал – сезилесиң жапжакын,
Алып тынуу сенин улуу максатың.
Ажыдаардай жалмасам деп аёосуз,
Адам дайым жашап жаткан жактасың.


Өрттөй жанып келгениңде түрүнүп,
Өзгөрүлөт пенделердин түрү бүт.
Топтой кылып тоголотсоң жандарын,
Токтойт анан жүрүп турган тирүүлүк.

Асыл жашты колтугуна кымырган,
Ачуу үнсүң кулак теше чыңырган!
Чылым сымал соруп салсаң өмүрдү,
Чыгат тура оор үшкүрүп чымын жан...

Жоготуудан ый, ызы-чуу, дүрбөлөң,
Жер жок го дейм сен пааналап жүрбөгөн.
Табытыңа таптап аста жаткырып,
Таптырасың жайыбызды мүрзөдөн.

Бирөөгө кеч, бирөөлөргө тез келет,
Бирок баары коркуп сенден сестенет.
«Бир аз күтчү» деп жалынсам болбостон,
Билем бир күн мага дагы кез келет.

Ажал, ажал – бизди жүгүң баспасын,
Алыс жогол! Кудай өзү сактасын!
Азыр туулган бөбөктү да аласың,
Айткым келбейт сен жөнүндө башкасын...



## ТӨРТ САПТАР

Жүз тосуп жааган жаанга себелеген,
Жүрөккө сырым батпай чебеленем.
Аты жок максаттарды камчыланып,
Айга жол салгым келет неге эле мен?

* * *

Жараткан берип бизге жарыктыкты,
Жалпыга энчилептир карыптыкты.
Алданбай арам ойго түз жүрүүгө,
Акыйкат кайда ташты жарып чыкчу?

* * *


Куш уйку салган өңдүү тирүүлүктө,
Кетесиң ажал жетип күнүң бүтсө.
Жабыркап дүйнөң түгөл бүлүнсө да,
Жашайсың бел байланып бир үмүткө.

* * *

Өмүрдүн көрсөк дагы кыянатын,
Өксүткөн нугун кантип тыя аласың?
Кылчалык эмгек кылбай бул турмуштан,
Көз жумуп кетериңе уяласың...

* * *

Кармашпай махабатсыз колдорубуз,
Кайчылаш чийилсе да жолдорубуз.
Жаралып жер бетине адам болуп,
Жашоого акыбыз бар – олжолуубуз...



## БУЙРУК БЕЛЕ?

Өмүр неге алга жылат шашылып?
Өткөн күндүн изин жууп жашырып.
Болмок эмес бул дүйнөдө арманым,
Бир адамга кылган болсом жакшылык...

Агат жашоо желип учкан шамалдай,
Адашкан көп чыйыр жолун таба албай.
Ач турмушта азап чегип жүргүчө,
Адам болуп калганда не жаралбай?

Турмуш түптүү сыры бардай түрдөнөт,
Толкунунан ар бир адам сүрдөнөт.
Талыкпастан эмгектенсек а балким,
Телегейлер тегиз болчу күн келет?

Бүгүнкү иш бүткөрүлбөй эртеңге,
Бул дүйнөдөн өтөт тура көр пенде.
Бел тутунган мүдөөсүнө ким жетсин?
Басып турса оор түйшүк желкеңде.
Бардыгына чыдайбыз го майышпай,
Буйрук беле, жашаш үчүн темтеңдөө?!

## ЭМГЕК КЫЛБАЙ КЫЛЧАЛЫК


Жашыма улам жаш улап,
Жарышуун мезгил ашыгат.
Жазмыштын түшпөй нугуна,
Жаткансыйм ойноп жашынмак.

Өзөктүн сыздап кыягы,
Өмүр деп боздойт сыягы.
Өкүнсөм өткөн күндөргө,
Өзгөлөр ичтен туябы?

Кызыгы бүтпөс жалганда,
Конокмун мен да ааламга.
Купулга толор иш кылбай,
Кыйналып жүрөм арманда.


Жашоонун күчөп арааны,
Жаштыктын узайт карааны.
Жалп этип өчүп каларбыз,
Жабылса турмуш барагы.

Күн өтсө кайтып күн келет,
Кызарган нурун миң төгөт.
Кайыптай учса убакыт,
Кайтарып кайра ким берет?
Кылчалык эмгек кыла албай,
Кайгыдан кабак бүркөлөт...



## ОН АЗАП

Бул жашоодо бар экен он азап:
Ата-энеден айрылуу бул - оор азап,
Балакетке кабылуу бул - шор азап.
Илдет басса жаныңды бул - кор азап,
Бала көрбөй кайгыруу бул - чоң азап.
Алыс жакка аттануу бул - жол азап,
Максаттарга жетпей калуу - мол азап.
Дүйнө жыйнап битиресең - сом азап,
Ууру кылып көнүп алсаң - кол азап.
Кылмышкердин бири болсоң - тор азап,
А бирөөнү сүйүп жашоо - зор азап...



## АВТОБУСТА АППАК КЫЗ

Автобуска адам толгон тыгылып,
Аба жетпей араң барам сыгылып.
Аралаша тирелишкен жандардан,
Аппак кызга көзүм түштү бурулуп.

Айланчыктап чыкпай азап торунан,
Адашкансып ач турмуштун жолунан.
Көздөрүнөн нур тамылжып турса да,
Куба тартып жүзү абдан соолуган.

Кызык жери, жаш баласы колунда,
Кысып алган аны бекем бооруна.
Оозун ачып сүт издесе наристе,
Олтурсам дейт бошой түшкөн орунга.

Жаш наристе жаны калбай ыңаалап,
Жибек үнү барган сайын чыңалат.
Себеп таппай санааркаган энеси,
Сооротууга күчү жетпей кыйналат.

Аңырая карап баары кылмыштуу,
Аяп койбойт олтургандар бул кызды.
«Орун берсең болбойбу?»,-деп бир эже,
Ошол тапта бир жигитти тургузду.

Көргөнүнө турса дагы кайгырып,
Коюш үчүн кыз көңүлүн жай кылып.
Колу менен орундукту көрсөтүп,
Көөнү тынбай мындай деди кайрылып:

«Бул жерге кел, кагылайын каралдым,
Белиң талып суз көрүнөт жамалың.
Озондосо көкүрөгү кырылдап,
Ооруганын көрбөйсүңбү балаңдын...?»

«Ырахмат!»,-деп кыз орунга олтуруп,
Ыйлап ылды көзүн жашка толтуруп.
Ырайымдуу аял буга чыдабай,
«Ымыркайды берчи», - деди кол сунуп.

Буулуккан жан үн сөзү жок жашыгып,
Бере салды ымыркайды шашылып.
Колго алып алдейлесе наристе,
Калгансыды аз да болсо басылып.

Кучагында таптап жатып баланы,
Кейиш менен айланасын карады.
Кылганына кыздын бир аз жаны ачып,
Кеп баштады, суроо салып санаалуу:

«Больницага алпарууга жарабай,
Байкушумду адам катар санабай.
Күрс жөтөлүп, дем алалбай энтигет,
Кайда жүрдүң өтүшкөнчө карабай?

Тили жок да чыдай берет баарына,
Эти ысып колуң күйөт табына.
Жардам кылып каралашып туруuга,
Жолдошуңду алсаң болмок жаныңа.»

Угуп укпай бул сөздөрдүн акырын,
Уу ичкендей демикти кыз жашыруун.
Керегине жаш айлана муңайып,
«Күйөм жок», - деп жооп берди акырын.

Каргылданып үнү чыкпай кубаттуу,
Көз жаштарын мончок-мончок кулатты.
Баштан өткөн таш пейилдүү тагдырын,
Баян кылып айтып анан улантты:

«Жок эжеке, козгобогун дартымды!
Жүрөктү эзип сыйрыбачы картымды...
Арманы көп түгөнбөгөн ал түндөр,
Алигиче көз алдымда тартылуу.

«Күчүгүмдү мен багам»,-деп айланып,
Кеңеш айтып көңүлүмдү жайгарып.
Алган эжем сыркоологон кезинде,
Айла таппай берди кайра кайтарып.

Билбейм неге шордуу баштан бак тайып,
Балам алсыз, чүнчүп турат кашайып.
Үч жумадай жатып ооруканада,
Үч күн мурун чыккан элек сакайып.

Бүгүн дагы өзүмдү өзүм желкелеп,
Бейтапкана жакка баргам темселеп.
«Бага албасаң не төрөйсүң кокуй!»,- деп,
Билермандар жолго салды жемелеп.

Көөдөнүмдүн ашып-ташып капасы,
Кайгылантат турмушумдун катасы.
Көз жарганым укканында намыссыз,
Качып кеткен кайрылбастан атасы.

Араң күйүп үмүтүмдө жарык шам,
Арман менен ар күнүмдү карытам.
Кокус чарчап калабы деп наристем,
Корком эже убалына калыштан...»

Мындай сөздү күтпөй турган эжеге,
Муздак суудан сепкенсиди денеге.
Келининдей жакын көрүп өзүнө,
Кайрат айтты жараланган энеге:

«Ээ Кудайым, эмне деген жакшылык,
Эне болуш оңой бекен жаш туруп?
Эси жоктук кылгансың го байкабай,
Эр азамат сүйөм десе жактырып.

Канткен менен бекем бууп белиңди,
Көз жаш төгүп кейитпегин зээниңди.
Эртең эле бойго жетип бул балаң,
Эки кылбайт сенин айткан кебиңди...»


Кыз улантты андан ары баянын,
Кыстап турмуш, уга албадым аягын.
Көздөп келген жерден түшүп унаадан,
Көз алдымда аппак кызды аядым.

Автобуска түшүп алган аппак кыз,
А колунда жаш баласы атасыз.
Абийир, ыйман, ар-намыстан алыстап,
Айткылачы кайда бара жатабыз?

Бул кокустук бир үзүмү турмуштун,
Болгону мен ыр кылууга тырыштым.
Жазгандарым сабак болор а балким,
Жоопкерсиз жаштарына кыргыздын...



# *Балалык жана табият*



## БАЛАЛЫГЫМ

Кар кечип, ак бороонго төшүм тосуп,
Кайда дейм балалыкка колум созуп.
Куюндай учуп өтүп ошол жылдар,
Калыптыр арка жакта азып-тозуп.

Карасам ал күндөрдү туман каптап,
Капарсыз жүрөм жашоо жолун таптап.
Күлкүгө бөлөп турган балалыгым,
Кайрылбай узап кетти бир кылчактап.

Кесилген сулуу чырпык атым эле,
Күрөштө жеңген бала баатыр эле.
Ыйлагам келтегинен атакемдин,
Ылайдан башым чыкпай жатып эле.

Жарыша мылтык кармай адыраңдап,
Жашынмак ойноп бирин-бири алдап.
Ойлосом ордун таппай ошолордун,
Олтурам баалуулугун азыр аңдап.

Чүкө ойноп кумарына моокум канбай,
Чана тээп кечикчүбүз үйгө барбай.
Чалчыгын эске албай чөөт суунун,
Чөмүлгөн күндөр кайда жаным калбай?

Бурулуп мен жаш бала болсом кана?
Багына балалыктын консом кана?
Бүрдөгөн өмүрүмдүн гүлү ачылып,
Беш жашка кайра баштан толсом кана?

Алыстап улам сенден аралыгым,
Арналып ак баракта калат ырым.
Агылып жалган жашоо өтө берет,
А бирок кайтып келбейт балалыгым.



## АРДАГЫМ ЭНЕМ

**Б**езеленген баласы үчүн ар дайым,
**Б**еpекеңе ушул ырды арнайын.
**Б**ашымды ийип урмат кылам өзүңө,
**Б**ой жеткирип бапестеген, ардагым.

**Э**сенсиңби? Ден соолугуң жакшыбы?
**Э**степ сени көңүлдөрүм какшыды.
**Э**неке деп миң эркелеп жаныңда,
**Э**ч көрбөсөм көздөн аккан жашыңды.

**Р**ахмат, апа! Жарык дүйнө сен бердиң,
**Р**ахатына бул жашоонун демделдим.
**Р**аат менен ар бир айткан акылың,
**Р**уху болуп жан дүйнөмдүн мен келдим.

«**М**ээнетиңи алайын» деп ар убак,
**М**ээрим менен жүрөгүмдү дарылап.
**М**өмө сымал үзүлгөнсүп сабынан,
**М**едер туткан балаң сени сагынат.

Эринимди кесе тиштеп, чалыкпай,
Эл катары окуп жүрөм талыкпай.
Эгер адам болсо экен деп тилесең,
Эзилбегин, эстеп мени карыптай!

Тегеренген баласы үчүн ар дайым,
Таалай кушун сен аркылуу кармадым.
Таазим кылам өмүр бою өзүңө,
Теңдеши жок бул ааламда, ардагым!



## АТАМА

Кучагыңа кысып алып мени бек,
«Курманбектен» айтып берсең эбиреп.
Уюткандай жүрөгүмө жылуулук,
Уктап кетчүм эмнегедир мемиреп.

Анда кайдан бар маанисин түшүнмөк,
Алка-шалка Манас айтсаң күпүлдөп.
Алты жашар ойноок бала мен дагы,
Айткым келип сокчу жүрөк дүкүлдөп.

Көздөп дайым сен бет алган тарапты,
Кайда ал күндөр атакелеп жадатчу?
Мотураңдап ээрчип алсам көргөндөр,
«Манасчынын баласы»,- деп карашчу.

Алар антсе мен өзүмчө комдонуп,
Алды-артымды карап бир аз оңдонуп.
«Баарыңардан атам кыйын!»- дегенсип,
Басар элем кербездене чоң болуп.

Бөлүп берип бир урууну жалпыдан,
«Багышсың сен, бил!»,- деп айткан санжырañ.
Көмөк болуп жети атамды таанууга,
Куру эмес го, сөз берметтүү канжыгам.

Барган сайын кенен тартып тар кыям,
Бардык ишти өзүң өңдүү шар кылам.
Аруу тилек, максаттарга умтултат,
Ал анткени сенин берген тарбияң.

Өргө тартып кеңештериң октолом,
Өрнөк алып сенден ата, ок жоном.
Атыңды улап артка урпак калтырып,
Ата болом мен да сага окшогон.

Ар бир үйдө ата – мекен, ата – кен,
Аман болгун көтөргөн туум, атакем!
Адал иши ак сүт менен барабар,
Асыл адам үй бүлөдө ата экен.



## АТА-ЭНЕЛЕР ЖАШАСЫН

Айта албай ыйыктыгын улутунуп,
Аларсыз болот тура дүйнө курут.
Бир келген тирүүлүктө адам үчүн,
Байкасам ата – улук, эне – улук!

«Тирек» деп өмүр жолун толуктачу,
Томуктай көңүлдү да оорутпачу.
Толгонуп бек көтөрөт эне – мухит,
Тогуз ай сыздаса да омурткасы.

«Адам бол, түз жүргүн» деп кебин арнап,
Ар убак кайрат-күчүн, демин арнап.
Жадабай уул-кызынын камын көргөн,
Жакшы ата жубайына эриш-аркак.

Балдарын жашоосунда кылып медер,
Байлыгын, бар тапканын, жанын берер.
Жүрөгү «наристем» деп согуп турчу,
Жашасын бул дүйнөдө ата-энелер!

## КУСА

Балам деп бой жеткирип байкуш атам,
Бапестеп өстүрүптүр эрке талтаң.
Өзүңдөн алыс жашап ушул тапта,
Өзгөгө такыр көнбөй өксүп жатам.

Таң эрте чайын камдап, нанын берген,
Түйшөлүп ооруп калсам жанын берген.
Эзилип мээрим төгүп сүйүп турчу,
Энем да алыс жакта азыр менден.

Агам деп сый-урматтан жаңылбасым,
Атайлап издесем да табылбасым.
Алыстан эңсеп сага кат жазамын,
Алтыным, амансыңбы, карындашым?

Муюбай айткан сөзгө, кеп жебеген,
Минем деп моюнумдан желкелеген.
Ичимден эстеп айрым кылыктарын,
Инимди көргүм келет эркелеген.

Сезе албай жылуу-жумшак табыңарды,
Сагындым, сагындым мен баарыңарды.
Саргайып кусалыктан куурап барам,
Санаадан арылтуучу дары барбы?



# ТООЛУК ЖИГИТ БОЛГОНУМА СҮЙҮНӨМ

Жибигендей жүрөгүмдүн боолору,
Жоголгондой көңүлүмдүн доолору.
Жаткан иттей түрлөрү бар комдонгон,
Жанга кубат кыргызымдын тоолору.

Арстандын азуусундай аркайып,
Асман тиреп, ак мөңгүлүү заңкайып.
Тоолор жатат булут чалган чокусу,
Тарыхынан кыргыз элдин жар салып.

Аска ташы, кең өзөнү койнунда,
Атыр жыттуу жолдору көп ойрума.
Агын суусу жылгасында үн салып,
Ар адамды тартып турат койнуна.

Орун алган жүрөгүмдүн түбүнөн,
Опол тоонун салабаттуу сүрүнөн.
Теңдеши жок сыймыктанып ар дайым,
Тоолук жигит болгонума сүйүнөм!

## КӨЛДҮ СҮЙӨМ

Сыйкырына азгылырып көлүмдүн,
Сүңгүп барам тереңине өмүрдүн.
Чагылышкан күн нурунан суудагы,
Чачыласын терем тунук көңүлдүн.

Көбүктөнө жээк өпкөн толкундан,
Канат күүлөп ай ааламга кол сунам.
Кумарчыдай турмушумдун негизин,
Күүгүм кечте көлдөн таап олтурам.

Шыктандырып ыр ышкымдын дүрмөтүн,
Шоктон көлүм! Бүт жан дүйнөм дүрбөсүн!
Көл үстүндө тирүүлүктөн жар салган,
Көрүп турам Алыкулдун күмбөзүн.

Сезимимдин жандандырган жаз кушун,
Сүйөм көлдү, сүйөм анын жаз, кышын!
Көркөмүнө күн желедей тартылып,
Көлдөн табам жүрөгүмдүн ачкычын.

## КӨЛ ЧАЛКЫЙТ


Көл чалкыйт, аны менен көңүл чалкыйт,
Көк деңиз мейкининде сезим балкыйт.
Кылгыра тиктеп туруп чексиздикти,
Көөдөндө аба жарган ойлор калкыйт.

Шарпылдап жээкке урунган толкунуңан,
Шык келет жан дүйнөмө толкуп улам.
Шоктоно ичиркентип тулку бойду,
Шамалың кытыгылайт колтугуман.

Маңдайда кырка тоолор, аскар-аскар,
Майда кум, катар өскөн калың бак бар.
Мекенин кызгангансып кайкып учат,
Мелжиген бийик менен ак чардактар.

Суу челип, обон салган кемелери,
Салкын жел, мээ сергиткен теребели.
Сандаган адамдарган койну кенен,
Сезилет Ысык-Көлдөн эне мээри.

Көл чалкыйт, түпкүрүндө сыры бардай,
Көркүнө көз тайгылар сыны бардай.
Күр-шары кылымдарга кайрыктанып,
Күүлөнөт өмүр сымал тыным албай.



## АПТАПТА

Акактаган деми сыртка билинип,
Аптап менен алпурушат тирилик.
Ачуу тийет күндүн нуру чекеңе,
Асман бели калган сымал ийилип.

Теребел үп, айырма жок тандырдан,
Тердеп дене, беттер ысып албырган.
Эмнегедир күздү күтүп жаткансып,
Эч дайын жок шамал, булут, жамгырдан.

Кургап булак, кудук соолуп какырап,
Киринүүгө дайра сайга чакырат.
Көчө чаңып, саратандар ызылдап,
Көлөкөлөр үй артына жашынат.

Чегирткелер мойсоп буудай талаасын,
Чырмоок издейт соолубаштын дабасын.
Анда-санда ийнеликтер ойсоңдоп,
Араң сермейт көпөлөк да канатын.

Балдар таппай ойногонго чыдамын,
Бак-дарактар күнгө кактайт ыраңын.
Ах, ысыкта көлдү көздөй баратса,
Асфальт эрип изи түшөт унаанын.

Жанып турган оттон тандап шеригин,
Жалын кылып төгүп чексиз мээримин.
Жандын баарын талыкшытып, суусатып,
Жай сездирет жалпы журтка ээлигин.

## КҮЗГҮ ЖАЛБЫРАК

Көз жаш төгүп ыйлагандай мүңкүрөп,
Күзгү желге жалбырактар күбүлөт.
Саргыч тарткан аянычтуу жүздөрү,
Сездирбестен сыр айткансыйт күбүрөп.

Жашыл болуп бир кезекте ыраңың,
Жаштар эле көлөкөңдө ынагың.
Айталбастан арманыңды эч кимге,
Азыр минтип жерде жаткан убагың.

Колго тийбей тизгин менен үзөңгү,
Канча мезгил өттү ушул күз өңдүү?
Көңүл бурбай бариктерге төгүлгөн,
Канча адам тебеледи биз өңдүү?

Бутагынан ажыраган жалбырак,
Бут алдымда калып жатты жалдырап.
Боорум ооруп ар бир баскан кадамда,
Бурулбастан кете бердим нарылап.

## ЧЫКЫРООН КҮЗ

Булут тосуп жарык күндүн бир көзүн,
Булбул куштун уга албайсың үндөшүн.
Кирип келди чыкыроон күз – айбаттуу,
Кийип алып кызыл-сары күрмөсүн.

Суук аба, муздак шамал, суз асман,
Суулар акпай муз денелүү тузактан.
Сумсайышса тоолор ичтен чыйрыгып,
Сук каргалар «карк-курк» этет узактан.

Төгөт жамгыр... Жолдор көлчүк тешилип,
Таманыңдан баткак өбөт эзилип.
Дарыялар киргил тартып ташкындап,
Дарак боздойт эчак алган чечинип.

Чулгап жерди үймөк сары жалбырак,
Чөп кубарат, бели сынып жалдырап.
Терезелер ным кучактап тердешсе,
Туман уктайт таалааларда магдырап.

Түтүн булап көккө кыштак үйүнөн,
Түндөр узун сестенчүдөй түрүнөн.
Камыккансыйт Жер Эне да ыр угуп,
Кайтып учса келгин куштар дүңүнөн.

Иттер тоңуп, эптеп үрбөй таң ашат,
Иштер кычап, мезгил санаа жаратат.
Мемиреген жылуулук бар бөлмөдө,
Мештин үстүн кумган, чайнек талашат.

Тоготпостон күзгү желдин үшүгүн,
Татып даамын жайкы эмгек үзүрүн.
Элеттиктер кызуу турмуш шарында,
Эбак жыйган отун, эгин, түшүмүн.

Аяганды көңүлүнө эч илбей,
Аяз ойноп айлананын бетинде эй.
Чыкыроон күз – улам сүрдүү ышкырат,
Чиркин өмүр тизмегинин кечиндей.



## КАР БҮРТҮК

Көңүлүмдү көркөмдүгү ачып жай,
Көктөн жерге кулап бирден ашыкпай.
Аяр, назик жаап жатат аппак кар,
Адамзатты аруулаган бакыттай.

Эх, айрымы балмуздактай туюлуп,
Эриниме даам берет урунуп.
Эртең эрип жок болорун билсе да,
Ээ-жаа бербей үймөктөшөт жыйылып.

Жүзүм тоссом арнап жанга жыргалын,
Жумшактыгы термейт жүрөк кылдарын.
Жарып алып жатабы дейм каккылап,
Жаратканым жаздыгынын пырларын.

Арасында алтын бардай жылтылдап,
Аяз чулгап койгон окшойт сыйкырлап.
Булгагандан коркуп аппак денесин
бассам ыйлайт балапандай чыйпылдап.

Кучакташып, уюлгушуп тигине,
Кубалашып жетпей бири-бирине.
Койкоңдошуп ары-бери бийлешет,
Коктулардын айдарым жел бийине.

Кар бүртүктүн бир мырзасы эртелеп,
Курдашына сөз айтууга белсенет.
Кирпигине аста консо селкинин,
Кыз кар бүртүк кызгануудa эркелеп.

Түшсө дагы түпсүздүктөн даттанбай,
Тазарттым деп айлананы мактанбай.
Ырыс-бакыт тартуу кылган сезимге,
Ырас бизге ынак жок го ак кардай...

* * *

А мен жүрөм көр тирликтин айынан,
Ак карчалык пайдалуу иш аткарбай...



## ҮМҮТ

Күч коротуп, иш бүтүрбөй күнү-түн,
Кыйналганда баштан ашып күйүтүм.
Колду шилтеп басып кетким келсе да,
Колдоп турат дайым мени үмүтүм.

Кокус катуу жеме уксам бирөөдөн,
Кепке келбей капалыктан түнөрөм.
Анда дагы сезимдеги үмүттөр,
Алга карай сүрөгөнү-сүрөгөн.

Кыйынсынып айрымдарга тыңмын деп,
Кээде болом кокус жерден шылдың кеп.
Канткен менен ошондо да чөктүрбөй,
Көкүрөктө үмүт күйөт булбулдөп.

Тартуу кылган тазалыкты дилиме,
Талпындырган таң чолпондой сүйүүгө.
Жан дүйнөмдүн жакын досу аталып,
Жашап келем үмүт менен күнүгө.

***Мен жашайм, мени менен сүйүү жашайт!***



## СЕЗИМ КААРМАНЫ

Тагдыр мага зор тамаша апкелди,
Татпасам да тамшандырган бак берди.
Таңдан кечке зарыктырган ооруга,
Таптым акыр: «Сүйүү» деген дарт белги.

Мазам качат махабатка татыбай,
Максаттарым үбөлөнүп жатыр ай.
Умсундуруп мокок кылган адамды,
Ушунчалык сулуусуңбу, капырай?

Чыкса дагы жүрөгүмдүн быт-чыты,
Чырайыңа тартат жандын ышкысы.
Көңүлүмдү оорутууда өзгөчө,
Көздөрүңдүн сезимимди кыпчышы...

Мээрим нуруң мага болгон чымчымбы?
Менин сүйүүм океандай, бил чынды!
Акын кылып бүтмөй болдуң окшойт го,
Ала берип кайра-кайра тынчымды...

Күндөй сулуу ажарыңа чимирип,
Күйүт болдуң бешенеме чийилип?
Туйгун элем туш келгенди тоготпос,
Турпатыңа тизе бүктүм ийилип...

Карлыгачым, каармaны сырымдын,
Карайладым, жамалыңа урундум.
Кереметин ашыктыктын сезе албай,
Келип турат кайра баштан туулгум...



## АШЫКТЫК АЗАБЫ

Ашыктыгым айтпай келем дудуктай,
Аясаңчы абалымды курутпай.
Элесиңди тартып алып мелтирейт,
Эки көзүм сыр катылган кудуктай.

Кылыгыңды самап күндө бир пенде,
Кыйналганын кымынчалык билсең не?
Жашай албай башкалардай бейкапар,
Жаштыгымдын калды көбү бир сенде.

Сени эңсөө - мага тийген эпкиндей,
«Секетим», дейм койсоң дагы жеткирбей.
Жара сымал темгил салдың сезимге,
Жаз келгенде бетке түшкөн сепкилдей.

Жоопсуз сүйүү азабы го кишинин,
Жазаар экен муңайганым ушу ким?
Алыс болуп жакын жерде жүргөнүң,
Арбытууда жүрөгүмдүн шишигин.

Көөдендөгү кусалыгым бөксөрбөй,
Көрксүз өмүр өтүп барат өзгөрбөй.
Караанына зар болгончо түгөнүп,
Калганда не жолукпай же эч көрбөй...?



## СЕНИН КӨЗҮҢ

Мендеги көз чынында сенин көзүң,
Мен дүйнөнү сен менен көргөн кезим.
Бажыраят бардыгы күн сыяктуу,
Бүтпөсө экен тилерим ушул сезим.

Арзуум артып өзүңө кошулгандан,
Арылдым го карайлап отургандан.
Айланам бүт караңгы түн жамынып,
Айырмам жок жүрүпмүн сокур жандан.

Жалт карасаң кубанчым эселенип,
Жатамын эх, бактыга бөпөлөнүп.
Каректериң болбосо жайнап турган,
Калмак окшойм ар кимге жетеленип.



## КУРУТ

Санаа менен секунд сайын кармашып,
Сайран күндөр сагынычка алмашып.
Кусаланып келе жатып чоң жолдон,
Курут көрдүм жерде жаткан чаң басып.

Улутунуп өз ичимде тереңден,
Улуп-уңшуп муздак сезим денемден.
Жаш айланып көзгө сени эстедим,
Жадабаган курут алып жегенден.


Аппагына, майлуусуна, коозуна,
Ашык болуп сатып алып озуна.
Жегим келбей жатса дагы салчу элең,
Жаап алсам эрин бүктөп оозума.

Кээде колго кармап алып балмуздак,
«Ким биринчи жеп бүтөт?»,- деп жарышсак.
«Жеңилгени курут алып берет»,- деп,
Жылбай туруп алчуң жерди карыштап.

Кошо жүрүп өзүң менен күндө мен,
Кусалануу эмне экенин билбегем.
Эңсеттирип алыс кетсең мен эми,
Эркелешип курут жеймин ким менен?

Курутту алып жерде жаткан чаң басып,
Кумун күүдүм, сезип аны жанга азык.
Кууруп жанды жаттым анан сагынып,
Курут алып жечү күндү жандашып.

Эх, курутум, курутум!
Сенсиз жашап курудум...



## ЖУБАЙЫМА

Менин сүйүүм – сага деген бир сезим,
Мени менен сен ар дайым биргесиң.
Керек болсо жанымды арнап өзүңө,
Кесип берем жүрөгүмдөн бир кесим!

Ааламымды жалгыз сенден жасаган,
Анык менмин, махабатка мас адам.
Кубат алып илебиңден жан шерик,
Кандай бакыт сени сүйүп жашаган!



## МАХАБАТ СҮРТҮМДӨРҮ

-1-

Сени көрсөм, жаркыган күндү көрөм,
Сүйүп жетпей, а бирок күңгүрөнөм.
Эстегенде жанымды эзгим келет,
Эриниңден өппөсүм үлбүрөгөн.

Караганда бакытка алып чыгар,
Каректериң нур чачкан жарык сымал.
Кайран жаштык бекерге короп барат,
Кармай албай колуңдан мамык сымал.

-2-

Калбай күчүм сага деп коротпогон,
Карек талыйт көз жашы шолоктогон.
Бир өмүрдү муң менен өткөрөмбү?
Бийкеч таппай чырайы сага окшогон...

Салыштырып көптөрүн аста карап,
Сагынычты самоолор башка салат.

Сын-сымбаты, ажары жарашса да,
Сендей эмес, баарысы башкачараак...

-3-

Жаңырса да кулагыма баягы ыр,
Жан болбодуң жүрөгүмдү аягыр.
Салыштырам жашыбызды айларга:
Сен – апрелсиң! А мен супсак ноябрь...

Жамгыр, үшүк, жалбырагым чачылып,
Жашоом саргыч, жаштыгымды качырып.
Жыйым-терим жасап алган кезимде,
Жаз сыяктуу кайдан чыктың ачылып?

-4-

Мендеги жаштык өтүүдө ылдам,
Махабат мойну ичкеби кылдан?
Алдымдан чыксаң periште болуп,
Алалбай турам өчүмдү жылдан...

Сезимге гүлдөн уя саларым,
Сермелип канат кубат аларым.
Ууздай аппак сүйүүмдү козгойт,
Ууртуңда назик уячаларың.

-5-

Жүрөктүн тыңшап туруп дүрбөлөңүн,
Жүдөткөн сагынычта күн көрөмүн.
Мыжыккан илдетимдин себепкери,
Мынчалык мен эч кимди сүйбөгөмүн...

Эңсөөнү эркеткен «тайфун» дедим,
Эч танбайм! Ашыктыгым айкын менин.
Санаадан саякатка алып чыккан,
Сен болдуң сезимдеги «кайфым» менин!

-6-

Жанашып басуу деген калды ыраакта,
Жакшы сөз угуш кыйын ал куракта.
Сүтактай сага жетпей сайрап турам,
Суранам жалдыратпа, жалдыратпа...

Санаалар чубалышса жолдой болуп,
Сандалам  жашоо мага оордой болуп.
Сени эңсеп башкаларды көзүм көрбөй,
Сезимим безеленет торгой болуп.

-7-

Жолдор биздин бул турмушта бир кетпей,
Жолуктук да, боло албадык бир беткей.
Сени сүйүп жетпеген соң сүйүүмдү,
Сактап койдум жүрөгүмө кирдетпей.

Жан дүйнөсү жабыр тартып ураган,
Жароокерим мен да сендей бир адам.
Сүрдөп кетем бирок көздөр кадалса,
Сүйдүрбөчү мени өзүңө суранам...

-8-

Ким гана ырбадаган сүйүү ырын?
Кишини жашатат го сүйүү кылым.
Бирөөнү сүйүп калуу кандай оңой,
Бирок да унуткаруу кандай кыйын...

Махабат сен сезимсиң таза, таасын,
Маңкуртка асыл жумуш жасатасың.
Акылды ашыктыкка курман кылып,
Адамды бакытыңда жашатасың.

-10-

Ашыктыктын кыйын жагын айталык,
Азып барам алсыздыгым байкалып.
Кутулууга кубаруудан аргам жок,
Күтүү турса жан дүйнөмдү кайтарып...

Сагынычтан мезгил кантип кыскарат?
Санаа эзет сезимдерди тытмалап.
Ирмеп кирпик ыйлачудай күрсүнөм,
Ичи-тышым жалаң куса жыттанат...

-11-

Мээнети махабаттын арбын экен,
Мен сени кантип сүйүп калдым экен?
Эх, азыр мурункудай болбосок да,
Элесиң жүрөгүмдө калды бекем...

Сүйүүдөн мамилебиз болбогоң соң,
«Дос бойдон калдык» дедиң нускап аны.
Розаны ромашка деп атап койсоң,
Роза эмне ромашкадай жыттанабы?

-12-

Бул өмүр калсын мейли аздык кылып,
Берейин жүрөгүмдү жаздык кылып.
Башыңды коюп ага жакшы укта,
Бааланып албайм дебей наздык кылып.

Сен барда дүйнөм шаңга толо берет.
Сен жокто сезим муздап, тоңо берет,
Мен сени ушунчалык катуу сүйөм,
Мени сен сүйбөсөң да боло берет!

-13-

Түшүмө кир, кучактачы, «өп» дечи,
Тилде, жек көр, ак сүйүүмдү тепсечи!
Өңүмдө тек тааныш бойдон кала бер,
Өмүрүмдөн такыр чыгып кетпечи...

Алоо кайда махабаттын отундай?
Адаты бар кыялдардын созулмай.
Жүдөт, кыйна, арзуум болуп түбөлүк,
Жүрчү бирок, сыр билгизбей чоочундай...

-14-

Жарым түн, сагынычтан жатам ойгоо,
Жамалың күлүмсүрөп дале ойдо.
Мен сени сүйүп атып жинди болдум,
Сен мени «жиндисиң» деп сүйбөй койбо!

Жүрөгүм тилке-тилке кертилгенче,
Жан дүйнөм арман болуп чертилгенче.
Жалынам, мени сүйүп сактап калчы,
Жалгыздык саздай соруп өлтүргөнчө...

-15-

Сүйүүдөн сезимге ок сайып койдуң,
Сүйбөйт деп сага нечен айып койдум.
Канаган жүрөгүмдү күнгө express

Кайрадан айыгар деп жайып койдум.

Бакыттын балкый албай жетесинде,
Баратам махабаттын көчөсүндө.
Ажарың акылымдан адаштырат,
Анан сен сезимимден өчөсүңбү ээ?

-16-

Кашы иймек, жүзү айдай, өзү нават,
Көздөрү бышып турган тоо карагат.
Акак тиш, ак куу моюн, кумурска бел,
Азгырат шыңга бою... Атаганат...

Керемет жан экенсиң, маралдайым,
Кейиште сени эңсеп калам дайым.
Жаныңа татыксыздын биримин го,
Жашоого миң мертебе жаралбайын...

-17-

Биз экөөбүз эки башка жээктейбиз,
Бирикпейбиз, бирок таштап кетпейбиз.
Ортобузда «тагдыр» деген дайра бар,
Ошондуктан арзуубузга жетпейбиз...

Же сезимди ачык-айкын айталбай,
Же жүрөктүн тили болбой айтарга ай.
Жан дүйнөмө катып алып сүйүүмдү,
Жашап келем бирок сага байкалбай...

-18-

Мен өлөм, мени менен сезим өлөт,
Мээнетте сени сүйгөн кезим өлөт.
Кээ бирлер «бир кыз үчүн өлдү»,-дешээр,
Көрүүгө сени акын көзү керек.

Тагдырын колу менен кимдер жасайт?
Таарынгын! Тоготпогун! Көңүл кашайт!
Мээрими ашыктыктын өлтүрбөйт го,
Мен жашайм, мени менен сүйүү жашайт!

-19-

Эриниң сенин, эриниң мынча үлбүрөк,
Эсимден тандым, өпкөндө денем дилдиреп.
Жабышып курттай, жалбырттап күйүп
бараттым,
Жыргалын анын соргондор гана бир билет...

Жупжумшак, назик, кызарып бышкан
кызылгат,
Жибитип салды жүрөктүн тоңгон музун бат.
Демигип анан дайнымды таппай кубандым,
Делбетап болуп эңсөөдөн улам тызылдап.

-20-

Асылым, сага жетиш - жарды идея,
А бирок менде башка барбы идея?
Суктанган гүл ширеңе бал аарымын,
Сен болсо сейрек өскөн орхидея!

Сыныңа мөлтүрөгөн чаң да жукпайт,
Сендей гүл мен жашаган тоого чыкпайт.
Эргүүгө суугарылган назиктик ай,
Эх... Аттиң... Кимдер үзүп, кимдер жыттайт...?

-21-

Таамай айтам сезимимде болгонун,
Таппай койдум сага жетүү жолдорун.
Жалкып турат алоосунан сүйүүнүн,
Жүрөк байкуш күйгүзүп ак колдорун.

Көздөрүңдөн нурлар жайнап ыргыса,
Козголот го мени эзген бир куса.
Эркимди бүт уурдап алып кетесиң,
Эстен таныл, кумарланып тургуча...

-22-

Жийдедей жытың канымды мээге дүргүтүп,
Жашайын сен деп калса да өмүр, күн бүтүп.
«Жанымдан такыр кетпе» деп аста жалбарат,
Жүрөккө дагы капилет жерден үн бүтүп.

Сымбатың көөхар, сыркаган адам айыгат,
Санаалар сендик, жебедей жанга сайылат.
Караган сайын тойбостон дилбар отуна,
Каректер жашып бакытка улам чайынат.

-23-

Карегиңде тегеренсе барабан,
Кайра-кайра азгырылып баратам.
Байлык, бийлик, башканы бүт мындай кой,
Башымды да сайыптырмын карасам.

Бар тапканым кумарыма жуткуруп,
Балакетти кайдан алгам жуктуруп?
Кыска өмүрдү көзүңдөгү махабат
казиноңо койдум окшойт уткуруп...

-24-

Сүйдүм сени акыл кете, эс кете,
Сагынычым элесиңди эстете.
Билсең эгер жандаш болуп алгым бар,
Бирок колдон келбей турат эчтеке...

Жашайсың го жүрөгүмдүн төрүндө,
Жатасың го өлсөм дагы көрүмдө.
Жаным кейип унуталбай жүрөмүн,
«Жардам кылам» десең көзгө көрүнбө!

-25-

Ак сүйүүң кирип мээмдин «флэшкасына»,
Айландым махабаттын «пешкасына».
Азабың кайырчыдай тартып жүрөм,
Ашыгып жетпей сага кечке асыла...

Ажарың сагынуума себеп болуп,
Алдыма кайдан чыктың белек болуп?
Атыңдан жүрөк турат тазаланбай,
Акылга «анти-вирус» керек болуп...

-26-

Көздөрүңдү көрүп алып от учкан,
Карлыгачым сүйүп калдым кокустан.
Өрттөй жанган илебиңден таталбай,
Өмүр агып кетмей болду кочуштан...

Карегиңден нуруң турсаң чубатып,
Кайдан келди дедим мага бу бакыт?
Кыздар карар бозой кезим азыр жок,
Кантмек элем... Артка кайтпас убакыт...

-27-

Куйса жамгыр шеригибиз - кол чатыр!
Кучактасам жытың чиркин... Болчу атыр...
Ал убакты азыр таппай карайлап,
Ак сүйүүгө болуп турам чоң жакыр...

Барды-жокту эстеп жүрөк жанчылар,
Баалуу күндөр ойлоруңда бар чыгар?
Сезимдеги нота болуп дыбырап,
Сенин атың ырдап турчу тамчылар...

-28-

Жүрөгүмдү ээлеп алып козголбой,
Жүрөсүң го сезимиме дос болбой.
Айланамын бет келишсем дудукка,
Арзуум ичте сайрайт болуп боз торгой.

Ашыктыкка келсе дагы жупташкым.
Анымды сен кымынчалык укпассың.
Мейли сүйбө, маани бербе, караба,
Мен өзүңө ошентсе да муктажмын...

-29-

Эй жигитим! Сен кыз эмес айды алдың!
Эштек элең бекзаадага айландың...
Ашыксам да мен боло албай ордуңа,
Азабына махабаттын байландым...

Анын жүзү айыктырат илдеттен,
Аярлаймын сүрдөп кирпик ирмештен.
А сен аны аялым деп жүрөсүң,
Аял эмес ай экенин билбестен...

-30-

Өлбөстүккө татып сүйүү бүркүмүн,
Өтсө гана өзүң менен бир күнүм...
Өрттөй жанган ажалдан да коркпостон,
Өмүр бою болмок элем кул, күнүң!

Жүрөк кантип куса болбой тим жүрөт?
Жүдөгөндөн миң жолу ыйлап, бир күлөт.
Топтоп кайрат арзуум айтып алайын,
Толгонайым, токтой турчу бир мүнөт!

-31-

Келсең да көңүлүмдө асыл болуп,
Кеталбайм жүрөгүңө жакын болуп.
Карайлап жетпегенде адам эмес,
Калсам деп кыялданам чачың болуп.

Эх анда... Болбой менин чала бактым,
Элесиң сулуулоого жарамакмын.
Жакпайт деп азыркыдай таштап салбай,
Жакшылап сүйүп, карап, тарамаксың...

-32-

Жаш кезекте көңүлүмдү бурган жан,
Жетпей сага сыздап калган курган жан.
Бүгүн көрдүм, өзгөрбөпсүң, болгону
нике шакек тагыныптыр бир манжаң...

Баанек кылып сезимдерди кыйла муң.
Бар элең го жүрөгүндө кыйланын.
Ак жоолукчан көрктүү келин болупсуң,
Артып турган чырайыңдан ыйманың...

-33-

Айжамалым, мобу куса үчөөбүз,
Айтчы качан түшүнүшүп бүтөбүз?
Ансыз деле сүйүп жүрсөм кыйналып,
Азап берет жүрөгүмө бүтөгүс.

Мен жок жерде сага барат чуу салып,
Мага келет сенсиз калсам тушалып.
Делбе кылып акыл, эсти башкарган,
Деги кандай неме өзү кусалык?

-34-

Көңүлүмдө асылысың асылдын,
Көз отума чырайыңды батырдым.
Ашык болуп турсам дагы алоолоп,
Айтпай сага ал оюмду жашырдым...

Мезгил күтөр, жылдар күтөр, ай күтөр,
Махабаттан үзүлбөйт го бай күдөр.
Мээнет тартсам сезимимдин айынан,
Мерез сымал сен жүрөсүң кайдыгер...

-35-

Эстесем эңсөөлөрүм токтото албай,
Эч кимди жүрөм сага окшото албай.
Болот жан «махабат» деп мокоп бүттү,
Болду эми, кыйнабачы отко салбай...

Ооруксуп жүргөн кезде өзүм деле,
Ойлосом боло түшөт көзүм желе.
Канча ирет кармансам да, карааныңды
карегим іздей берет өзүнчө эле...

-36-

Кай жактан келсе дагы ушул жарык,
Капилет кетти жүрөк тушун жарып.
Бир өмүр издегеним табылгансып,
Билбепмин сүйөрүмдү ушунчалык.

Байчечек турпатыңда бакты бардай,
Балкыдым карашыңдан жазгы кардай.
Сүрдөнөм мас болгондой илебиңе,
Сүйүүмдү сезимдеги аш кылалбай...

-37-

Маза качкан мезгилдерди жеңип мен,
Махабатты жүргөн кезде жерип мен.
Чымын-куюн кылып алсыз дүйнөмдү,
Чыга калдың маңдайыма неликтен?

Кийип алып кайгы-муңдун күрмөсүн,
Көрбөй калгам көптөн бери күн көзүн.
Жашоо берген жамалыңа суктанып,
Жүрөк турат билбей сүйөр, сүйбөшүн...

-38-

Күдөрүн кусалыктын кыркып ташта,
Кат жазсам окубастан жыртып ташта.
Суранам мындан ары унут мени,
Сүйүүдөн келет кээде кырсык башка.

Жазмышка жанчылсаң да ээ бербечи,
Жаныңды кыйнап кечке жей бербечи.
Каканак болуп мен да араң жүрөм,
Карагым, «сагындым да» дей бербечи...

-39-

Кумар оту турган кезде төрөлүп,
Карегиме карегиңди чөгөрүп.
Кучактап бир соруп алсам... Бах чиркин...
Кеткичекти эриндериң көгөрүп...!

Кош алмаңа дене боюм тиреше,
Коомай колдор чачтарыңды жиресе.
Ак мойнуңдан жыттап тансам эсимден,
Азыркыдан бактым ашмак миң эсе...

-40-

Көнбөстөн мамилебиз ич арага,
Көмүлдүм көңүл эзген бир жарага.
Жүрөмүн кыйноо тартып чыгаралбай,
Жүрөктү берип алып ижарага.

Сезимден орун албай бөлөк ой да,
Сен жокто тегиз эмес телегей да.
Жеңилбес сүйүүдөгү доочум болдуң,
Же чыкпай, же акысын төлөбөй да...

-41-

Болжобогун жүрөгү таш киши деп,
Билбейм кантип ичте жалын кичирет?
Сүрдөбөймүн деген менен миң жолу,
Сени көрсөм дүйнөм кетет титиреп.

Баспай калган күндөн тарта изиңди,
Балакеттер аскер сымал тизилди.
Такыр сени унутканмын десем да,
Тышым аста алдап жүрөт ичимди.

-42-

Ырдап берчи, сенин ырың сүйүүмдөй,
Ышкым артып угайынчы үнүңдү эй!
Жүрөк байкуш арзуусунан айрылып,
Жүргөн эле көптөн бери тирилбей.

Жан элем го бак тоосунан кулабас,
Жаралуумун азыр эч ким чыдабас.
Мөлтүр көздүүм, созо түшчү суранам,
Махабаттай туюлууда бул аваз.

-43-

Баштагыдан алгандайсың жашарып,
Башка менен баратасың жасанып.
Качандыр бир мендик бакыт эле деп,
Карап турдум карегиме жаш алып...

Айрылганбыз жүрүп эле ызатта,
Азыр менден ошол күндөр узакта.
Далай жолу жаземдебей илгендей,
Дагы кимди илдиң экен тузакка?

Ойлобостон жигиттердин убалын,
Оттой дароо жандырасың кумарын.

Сезим менен оюнчуктай ойногон,
Сулуулугуң сенин шайтан куралың...

-44-

Сүйүп калуу эмес го дейм эч кыйын,
Сезими жок «жактырамын» деш кыйын.
Сага деген махабатым болбосо,
Сулуулугуң этмек эмес беш тыйын!

Бул сөзүмдү айткан жокмун бекерге,
Буйтап качпа кадырыңа жетерде.
Мен арзыбай баасыз калмак чырайың,
Менменсинип боюңду көп көтөрбө!

-45-

Карегиң мөл булактай тунуп турат,
Караанын көз алдымда туруп турат.
Кымбатым, жүрөгүмдө сенин барың,
Кыйноосун тирүүлүктүн унуттурат.

Түгөйүм болсо экен деп үмүтүмдө,
Түш көрөм сен тууралуу түн ичинде.
Балакет ооруну да айыктырган,
Бакыт бар сенин ар бир күлүшүңдө!

-46-

Сенин жашың меникинен жаш - анык,
Сүйгөн жокмун алайын деп жашарып.
Сыйкыр сымал тартып алды өзүнө,
Сынындагы аруу, назик тазалык.

Жашап келем оор жүк бардай сыртымда,
Жазсам бүтпөс жабыктырган ырсың да!
Жоодур көзүм, жактырмакмын баары бир,
Жолуксаң да отуз эмес кыркымда...

-47-

Каарманы өзүң болуп ошол кечтин,
Камалдым сыйкырына ошо элестин.
Катарлаш басып сага, сүйсөм кана?
Кантейин карындашым... Бош эмесмин...

Аргасыз абалыма эмне деймин?
Антсе да эч бир жанга теңдебеймин.
Адамдар кокус дарек сурап калса,
Адашпай мындан ары сенде деймин...

-48-

Аптыгып кыялдардан акыл качат,
Арзууга алып учуп жакындатат.
Атыңды эстебейин деген сайын,
Ажарың жан дүйнөмдү такылдатат.

Баладай эне жолун күндө күткөн,
Байландым неге сага күрмөлүп мен?
Бук болгон муштумдай эт түйүлүүдө,
Билинбей денемде сол бир бөлүктөн...

-49-

Жеңишке жетип барктуу мөөрөй албай,
Жеңилсе таштап качып жөнөй албай.
Боюна сезимимдин сүйүү бүтүп,
Боор толгоп турат бүгүн төрөй албай.

Жаңылуу эңсөөлөрдүн ачуу жери,
Жан болчу көңүлүмдү ачуучу эми!
Ай-күнү жетип калды, кабыл алчы,
Арзуумдун айдай сулуу акушери...

-50-

Ак сүйүүгө багынбаймын дечү мен,
Ал оюмдан айнып турам тезинен.
Азыр сага сезимимди айтпасам,
Анан балким бакытымдан кечигем.

Айткычакты чыкпай бирөө капталдан,
Аптыгамын ашыктыкка шашкандан.
Абдан чочуйм жоготуудан өзүңдү,
А сен болсо коркпо мени тапкандан!



## КЫСКАЧА ӨМҮР БАЯН

Салимбай уулу Жылдызбек Турсунбаев 1982-жылы Жалал-Абад дубанына караштуу Кара-Көл шаарында жумушчунун үй бүлөсүндө туулган.

1999-жылы Д. Шопоков атындагы №4-жергиликтүү, орто мектепти аяктаган.

2004-жылы Бишкектеги Кыргыз-Түрк «Манас» университетинин Коммуникация факультетинин «Радио, телевидение жана киноискусство» бөлүмүн бүтүргөн.

2008-жылы аталган окуу жайдын Коомдук илимдер институтун «Журналистика» багыты боюнча магистрдик программасынын дипломун алган.

Алгачкы ырларын 14 жашынан тарта жаза баштаган. Ырларында көбүнчө публицистикалык темаларга кайрылганды жактырат.

Манасчылык жана сөзмөрдүк өнөрү боюнча республикалык бир нече таймаштардын баш байгесинин ээси.

Эл Аралык «Ч.Айтматов» атындагы фонд тарабынан уюштурулган «Дебют-I» жайкы мастер-класс мектебин алгачкы бүтүрүүчүсү.

Эл Аралык «Нурборбор» чыгармачыл академиясынын мүчөсү.

Учурда ФМ 102.9 жыштыгындагы «Манас» радиосунда диктор болуп эмгектенип келет. Үй бүлөлүү, 2 баланын атасы.

# МАЗМУНУ

**ТАБИГЫЙ ТАЛАНТТЫН ТАБЫЛГАЛАРЫ** .......... 3

**ЖҮРӨГҮМДӨ ЖАРАКА**.......................... 13
АТА ЖУРТУМ.......................... 14
ЭНЕ ТИЛДИН АРМАНЫ.......................... 17
КАЙЫР ЗАМАН .......................... 20
КӨЙГӨЙ.......................... 22
ЖАРАЛУУ СЕЗИМДЕР .......................... 24
КАЙРАН КЫРГЫЗ.......................... 27
АДАШКАН ЭЛ БОЛБОЙЛУ .......................... 29
МЕН КЫРГЫЗМЫН.......................... 31
ЧЕМИЧКЕЧИ АКСАКАЛ.......................... 33
КЕМ ДҮЙНӨ.......................... 35
МАЙЫП КЫЗ.......................... 36
СЕЛСАЯК.......................... 38
КӨЧӨДӨ БАЛДАР ЖҮРӨТ.......................... 40
АРАКТЫН АНТЫ .......................... 42
КЫЗ АДЕБИ КЫМБАТ .......................... 44
АЖЫРАШУУ .......................... 46
АРЗАН СҮЙҮҮ .......................... 48
АДАШКАН СЕЗИМ.......................... 50
ТОБО КЫЛ.......................... 52
ТОЛГОНУУ.......................... 54
ТҮЙШӨЛҮҮ .......................... 56
КИММИН ӨЗҮ?.......................... 57
ЧАРЧАП ТУРАМ .......................... 59
АЖАЛ, АЖАЛ.......................... 61
ТӨРТ САПТАР.......................... 63

БУЙРУК БЕЛЕ?..........65
ЭМГЕК КЫЛБАЙ КЫЛЧАЛЫК..........66
ОН АЗАП..........68
АВТОБУСТА АППАК КЫЗ..........69

**БАЛАЛЫК ЖАНА ТАБИЯТ..........75**
БАЛАЛЫГЫМ..........76
АРДАГЫМ ЭНЕМ..........78
АТАМА..........80
АТА-ЭНЕЛЕР ЖАШАСЫН..........82
КУСА..........83
ТООЛУК ЖИГИТ БОЛГОНУМА..........85
КӨЛДҮ СҮЙӨМ..........86
КӨЛ ЧАЛКЫЙТ..........87
АПТАПТА..........89
КҮЗГҮ ЖАЛБЫРАК..........91
ЧЫКЫРООН КҮЗ..........92
КАР БҮРТҮК..........94
ШАЙКЕШТИК..........96

**МЕН ЖАШАЙМ, МЕНИ МЕНЕН СҮЙҮҮ ЖАШАЙТ!..........97**
СЕЗИМ КААРМАНЫ..........98
АШЫКТЫК АЗАБЫ..........100
СЕНИН КӨЗҮҢ..........102
КУРУТ..........103
ЖУБАЙЫМА..........105
МАХАБАТ СҮРТҮМДӨРҮ..........106
**КЫСКАЧА ӨМҮР БАЯН..........131**

Жылдызбек Турсунбаев

*Көркөм-адабий басылма*

# ДИЛ ЧАБЫТ

*Ырлар*

*Адабий редактору* А. Исмаилов
*Техникалык редактору* Т. Жанызаков
*Көркөм редактору* М. Кадыров

Офсет кагазы. Кагаздын форматы 60x84 1/32.
Көлөмү 8,5 б.т. Нускасы 500. Заказ № 75.

«Бийиктик плюс» басмасы,
Бишкек ш., Ю.Абдрахманов көчөсү, 170 А.
Тел.: 0555 217 600



Арылбай кир ойлордун кармашынан,
Акыйкат издеп кээде дарга асылам.
Мээнетин пенделиктин тартып жүрөм,
Мезгилдин бекем мыкчып манжасынан...

*Жылдызбек Турсунбаев*